**Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын “Физиканы окутуунун актуалдуу проблемалары” аттуу илимий методикалык семинардын №1 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

**29-сентябрь 2025-жыл.**
*Катышкандар:* Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын мүчөлөрү.

1) “Жалпы орто жана жогорку кесиптик кесиптик билим берүүчү уюмдарда физиканы окутуу процессин оптималдаштыруунун илимий-методологиялык негиздери” аттуу темадагы илимий изилдөөчүлүк ишин аткаруунун учурдагы абалы жана алдыдагы милдеттер (окутуучулардын билдирүүлөрү)

2) “Кутбилим” гезитинде физика жана физиканы окутуу методикасы боюнча жарык көргөн материалдарга сереп (баяндамачы: доцент М. М. Жуманова)

**Угулду: доцент М. М. Жуманова**

1) Кафедранын илимий-изилдөөчүлүк иштеринин алкагында жүргүзүлгөн иштер менен тааныштырып, “Жалпы орто жана жогорку кесиптик кесиптик билим берүүчү уюмдарда физиканы окутуу процессин оптималдаштыруунун илимий-методологиялык негиздери” аттуу темадагы илимий изилдөөчүлүк ишин аткаруунун учурдагы абалы боюнча окутуучулардын билдирүүлөрү угулду, жана алдыдагы аткарылуучу иштер баяндалды. Бул маселе боюнча кафедра мүчөлөрү тарабынан жактырылып, бул иштердин аткарылышы дагы да күчөтүлсүн деген чечимге келишти.

**2)** “Кутбилим” гезитинде физика жана физиканы окутуу методикасы боюнча жарык көргөн материалдарга сереп салуу менен доцент М. Жуманова баяндама жасады, мында Кутбилим гезитине жарыяланган илимий иштерге багытталган рубрикалары менен тааныштыруу менен 2015-жылдан 2024-жылга чейинки жарык көргөн журналдардын ичинен Физиканы окутуу методикасы боюнча макалалардын санын, темалардын актуалдуулугун, коомдук талкуудагы сунуштар, пикирлерди белгиледи. Анын ичинде кандидаттык диссертациялык иштердин коргоонун алдындагы жарыяларды, акыркы 3 жылда бул жарыялар чыкпай калганын, айтымында ФОМ боюнча кандидаттык диссертациялар корголбой жатабы деген коомчулукта пикир калбаш керектигин, келерки илим-изилдөөчлөр аткарган иштерин гезитке жарыялоо менен коомчулукка опрабоция жасалышы керектигин баса белгиледи. Бул гезитте жөнөкөй мектеп окуучусу, мугалим, студент, магистрант, окумуштуу профессорлор тарабынан жазылган актуалдуу илимий публикацияларды чыгарууга боло турган белгилеп, макала жазууга үндөөрүн кошумчалады.

**Талкуу:**

***Ж.Эгембердиев (кафедранын доценти):*** Кутбилим гезитинен башка коомчулук жакшы кабылдап окуп жүргөн дагы башка гезиттер барбы аларда жарыяланган илимий макалалар боюнча кандай пикирдесин?

Мурда мындай багыттагы гезит журналдар көп болоор эле "дидактика" деген, азыр алар жоюлуп жаткан сыяктуу, кут билим гезити да журнал болуп өзгөрөт деген маалыматтар бар.

***З. Омаралиева (кафедранын доценти):*** ооба бул маселе өтө актуалдуу, азыркы мектеп системасы 12 жылдык билим берүүгө өтүп жатканда мектептик физика курсунун орду сакталышы керектигин, мүмкүн болсо сааттары кобойтүлүп "Илим" предметинин ичине кирип калбай өзүнчө болушу зарыл экендигин кошумчалап бул боюнча п.и.д., профессор Э.Мамбетакунов 12 жылдык мектеп системасына тиешелүү "Билим берүүнүн жана алуунун уңгү жолуна карай" аттуу макала жазганын, агайдын илимдер академиясы бул жаатта активдүү иш алып барып жатканын кошумчалады. Бул боюнча талкууну жандантуу менен мектеп физикасынын ордун так белгилеп министрликке чейин сунуш-пикирлерди беришибиз зарыл деди.

Ооба бул жаатта кафедра жамааты чогулуп, илимий макала даярдап жарыкка берсек болот, андан сырткары сабактардын иштелмелерин түзүп сунуштап жазуу иштери менен алек бололу.

ЧЕЧИМ:

1. Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын "Физиканы окутуунун актуалдуу проблемалары" аттуу илимий методикалык семинары жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

Катчы: Молдоярова Ж.Б.